Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Жусуп Баласагын атындагы улуттук университет



# Заманбап илимден инновацияга

(Илим - 2023)

Абдырахманов Т. А., Ишекеев Н., Шайылдаева А. К.,
Жолдошали к. Үмүт, Рашитова А. Ж., Белек у. Эсенбек

Бишкек, 2024

**Башкы редактор:** Бексултанов Ж. Т. – Ж. Баласагын атындагы КУУнун окуу иштери боюнча проректору, ф.-м.и.к., доцент;

**Рецензенттер:** Айтымбетов М. Б.– кординатор-ректораттын аппарат жетекчиси, т.и.к., доцент;

Кыдыралиев А. Т. - окуу башкармалыгынын башчысы, п.и.к., доцент.

Китепте 2023-жылдагы улуттук университеттеги илимдин абалы, илимий потенциалы, илимий даража менен наамдардын өсүшү, КР УИАнын институттары менен өнөктөштүктүктүн жагдайы, диссертациялык кеңештер, илимий долбоорлор, илимий метрикалык талдоолор (Scopus, РИНЦ, Google Academy), монографиялардын, окуу-методикалык китептердин жарык көрүшү, өткөрүлгөн илимий-тажрыйбалык конференциялар, аспирантура жана докторантура бөлүмүндөгү жумуштар, КУУнун Жарчысынын ал-абалы, А. Табалдиев атындагы илимий китепкананын окурмандарды тейлөө көрсөткүчтөрү, илимий иш сапарлар ж.б. жөнүндө так, айкын маалыматтар камтылган.

## Кириш сөз

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” (2022-жылдын 18-июлу № 243) Жарлыгы чыккан. Анда финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарды консолидациялоо, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда өлкөбүздүн мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында 5 ЖОЖго өзгөчө макам берилген.

Натыйжада, бул университеттер бир эле учурда билимдин, илимдин жана инновациянын борбору болуп калуунун майданында эмгектенүүдө. Асыресе, теориядагы синергетиканын мындай түрү жаңы билимдерди берүү (билим берүү), түзүү (илим) жана ишке ашыруу (инновация) процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу менен изденүүдө.

Бул багыттагы азыркы университтердин негизги иши экономиканын реалдуу сектору менен бекем, ажырагыс байланышы, алака-катышы, андагы стартаптар (бизнес-инкубаторлор, венчурдук фонддор ж.б.) жана түзүлгөн компаниялардын кеңселери үчүн акселерация инфраструктурасын камтыган мета-кластердин ажырагыс бөлүгү болуу. Мындай кластердин белгилүү болгондору катары АКШдагы Силикон өрөөнүнөн, Россияда Сколково инновациялык борборун көрүүгө болот д.у.с.

Албетте, QS хабына аралашууда академиялык аброй; иш берүүчүнүн абрoю; окутуучулар менен студенттердин катышы; факультеттин окумуштууларынын шилтемелери; Elsevier-Scopus маалымат базасынан алынган бардык шилтемелер; чет өлкөлүк окутуучулардын үлүшү; чет өлкөлүк студенттердин үлүшү негизги критерий катары эсептелинет.

Ал эми, аймактык рейтинг - Борбордук Азия университеттеринде QS төмөнкү көрсөткүчтөр менен аныкталат: академиялык аброй; иш берүүчүнүн абрoю; факультеттин студенттеринин катышы; эл аралык изилдөө тармагы; макалага шилтемелер; факультеттер боюнча макалалар; докторлук даражасы бар кадрлар; чет өлкөлүк окутуучулардын үлүшү; чет өлкөлүк студенттердин үлүшү; алмашууга келген студенттердин үлүшү; алмашууга кеткен студенттердин үлүшү. Ж. Баласагын атындагы КУУ Президенттин жарлыгына ылайык өзүнүн

стратегиясы менен тактикасын жогоруда аталган парадигмаларга ылайык келтирип, ийгиликтүү иштерди мерчемдөө менен, аткаруунун кан жолунда бара жаткандыгын алдын ала белгилей кетким келет.

Улуттук университетте 1 КР УИАнын Ардактуу академиги, корреспондент-мүчөсү, 4 КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, 1 Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, 20 Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, 142 илимдин доктору, 555 илимдин кандидаты үзүрлүү эмгектенүүдө. 2022-жылга караганда 2023-жылы илимдин докторлору 15, профессорлордун саны 32ге өскөн. Ал эми илимдин кандидаттары менен доценттери да кыйла өсүшкө ээ болду. Бул көрсөткүчтөр QS мейкиндигине кошулуу үчүн эл аралык деңгээлдеги басылмаларга макалаларды чыйрак даярдоого жана жарыялоого зор мүмкүндүктөрдү бере турган илимий пайдубал болууда.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын 15 жогорку окуу жайларынын ортосунда Эл аралык илимий метрикалык маалыматтар базасына жазылуу үчүн консорциумга кол коюлду. Учурда окутуучу-профессорлор курамын эл аралык басылмалардын платформаларына каттоо аяктоодо жана үзгүлтүксүз толукталууда. Эл аралык деңгээлдеги басылмаларга илимий макалаларды жарыялоого кам көрүү максатында: «Илимий цитаталар базалары менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү (Scopus, Google Scholar, Web of Science, РИНЦ жана H-индекс)», «Scopus маалымат базасында индекстелген журналга илимий макаланы кантип жазуу жана жарыялоо маселелери», «Scopus, РИНЦ, Google Академия жана Orcid илимий-метрикалык маалыматтар базасын колдонуу» аталышындагы семинар/окуулар дээрлик бардык түзүмдүк курамдарда ийгиликтүү өткөрүлдү. Ошондой эле биринчи жолу түрткү берүүчү төлөмдөрдүн чен-өлчөмдөрү киргизилди. Алсак, илимдин кандидаттыгын жактагандарга 30 миң сом, докторлугун жактагандарга 50 миң сом сый акылар берилүүдө.

Окуу жайдын илим жаатындагы сыйлыктары да алгачкы жолу күн тартибине коюлду. Мисалга, илимий жетишкендиктер үчүн 75 миң сом, илим менен өзгөчө шугулданган окумуштуулардын окуу жүктөрү 200 саатка кыскартылды, Scopus, Web of Science басылмаларына макала жарыялагандарга азырынча 15 миң сомдон сый акы төлөнүүдө. Улуттук университеттин тарыхында алгачкы ирет ички грант түрүндө илимге 8 млн. сом бөлүндү.

Асыресе, ички илимий гранттарга долбоор даярдоодо төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга окутуучу-профессорлордун көңүл-маанайын бура кетким келет. Алар: Улуттук университеттин экономикалык-финансылык өнүгүшүнүн келечектүү концепциясын иштеп чыгуу (1); окуу-тарбия процессин сапаттуу өркүндөтүүнүн концепциясын түзүү (2); Улуттук университеттин илимий иштерин өркүндөтүүнүн стратегиясын даярдоо (3); Улуттук университеттин эл аралык байланыштарынын концепциясын камдоо (4); Улуттук университетти инвестициялоонун концепциясын даярдоо жана аны ишке ашыруунун жолдору (5) ж.б.

Илимге байланыштуу айрым бөлүмдөр кайрадан жандандырылгандыгын белгилей кетүү да эп, атай кетсек: КУУнун "Жарчысы" басма бөлүмү 3 штаттык бирдикте, КУУнун типографиясы 5 штаттык бирдикте калыбына келип, басма бөлүмү аркылуу окумуштуулардын илимий эмгектерин жарыялоого жаңы да, зарыл да мейкиндиктер ачылды.

Илимий изилдөөлөрдүн сапатын өркүндөтүү жана өндүрүш менен байланыштыруу, ошондой эле, илимий изилдөөлөрдөгү интеграцияны камсыз кылуу максатында 11 борбор жаңы уюштурулду. Бул 4.0 университетине өтүүнүн фундаменталдуу баалуулуктарына пайдубал болоору талашсыз. Алар: Маркетингдик изилдөө борбору; Фундаменталдык илимдер институтунун Жасалма интеллект илимий изилдөө борбору; Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана инклюзивдик билим берүү борбору; «Уулу Алтай» алтаистика жана түрк таануу Улуттук билим берүү борборунун өкүлчүлүгү; Илимий изилдөө, санариптик жана музейдик билим берүү борбору; Россия изилдөө борбору; Медиа изилдөөлөрдүн илимий борбору; Коммуникация мектеби; Продюсердик борбору; Борбордук Түрк мурастары жана түрк тилдүү өлкөлөрдүн журналистика борбору; «Түрк мурасы борбору» фонду.

Атай кетсек, мисалга Фундаменталдык илимдер институту «Улут Софт» (программалык камсыздоону иштеп чыгууда комплекстүү чечимдерди камсыздоочу компаниясы) менен «Жасалма интеллект» илимий-изилдөө борбору 2023-жылдын апрель айында жаңы уюшулду. Мында илимий-изилдөө жана илимий иш-чараларды уюштуруу, гранттык конкурстар, ошондой эле эксперттик жана аналитикалык иштер жаатында университеттин кызматкерлерин жана илимий топтордун ишмердүүлүгүн консолидациялоо жана өнүктүрүү максаты коюлган.

Борбордун кызматкерлери республикалык жана чет өлкөлүк академиялык жана өндүрүштөгү өнөктөштөр менен жасалма интеллект жана маалыматтык технологиялар багытында өз ара аракеттенүүсүн кеңейтүү, анын ичинде университеттин билим берүү түзүмдөрү менен

тыгыз байланыш иштерин жүргүзүп, приоритеттүү, артыкчылыктуу багыттардагы илимий, технологиялык долбоорлорду ыкчам-тез, интенсивдүү өнүктүрүү программаларын ишке ашырууда (Tech Startup Accelerator).

Борбор төмөнкүдөй лабораториялык түзүмдөрдөн турат:

- Жасалма интеллект жана BigData
- Прикладдык-колдонмолуу изилдөөлөр жана робототехника
- R&D лабораториясы

Бул борбор аркылуу Билим берүү жана илим министрлигине илимий-изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштер боюнча 2023-жылы жаңы беш долбоор даярдалды жана өткөрүлдү.

Корея Республикасынын өкмөтү каржылаган Корея өнүктүрүү институту тарабынан ишке ашырылып жаткан (KSP) Билим алмашуу программасынын алкагында Жасалма интеллект илимий изилдөө борборунан жаңы эки долбоор даярдалып, 2023-жылдын 20-октябрында жөнөтүлдү. Долбоордун максаты Кыргыз улуттук университетинин маалымат жана инновациялык технологиялар факультетинин (ФИИТ) жумушчу күчүн чыңдоо, учурдагы окуу программаларын модернизациялоо, жасалма интеллект бөлүмүн жана жасалма интеллект боюнча докторлук программасын түзүү; кыргыз жаштары үчүн санариптик кубаттуулук борборлорун жана жасалма интеллект программаларын түзүү. Долбоордун баасы 1 970 680 млн. доллар. Долбоордун ишке ашыруу мөөнөтү 7 жылды түзөт (2024-2030).

Ал эми "Ысык-Көл" илимий станциясынын аткарган иштеринин жыйынтыктары да олуттуу: АЭРОНЕТ/НАСА менен түзүлгөн байланыш кайра жанданды; АЭРОНЕТ/НАСАнын өкүлдөрү менен болгон сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө АЭРОНЕТ эмне үчүн "Ысык-Көл" улуттук компаниясынан маалыматтарды кабыл алууну токтотконунун себеби аныкталды; эл аралык илимий окумуштуулар тобу түзүлдү; долбоор иштелип чыкты (Бишкек шаарынын атмосферасында газдар менен булгануунун концентрациясын моделдөө), USAIDге грант алуу үчүн кароого сунушталды.

Булар менен катар мурда ачылган борборлордун да (Технопарк, Ф. Франкль атындагы илимий-изилдөө борбору ж.б.) республикалык жана эл аралык деңгээлдеги иликтөөлөрү илимий жана практикалык натыйжалуулугу менен коомчулуктун көңүлүн бурууда. Мисалга, Ф.

Франкль атындагы илимий изилдөө борбору ПРООН, USAID, Эберт фонд ж.б. жактар жана Технопарк Корей Республикасы менен ишин өрнөктүү улантууда.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы ПЖ № 26 “Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында Ж. Баласагын атындагы КУУ менен КР УИА менен ортосунда өз ара өнөктөштүк келишимдерине кол коюлган:

1. КР УИАнын математика институту тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда илимий-билим берүүчү жана инновациялык комплекс уюшулду.

2. Академик Ж.Жээнбаев атындагы физика институту тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку кесиптик билими бар адистерди даярдоо боюнча кызматташуу жөнүндө келишим токулду.

3. КР УИАнын Химия жана Биотехнология институту Ж. Баласагын атындагы КУУнун ортосундагы кызматташтык жөнүндө меморандум бекитилди.

4. Улуттук Академиялык консорциумдун алкагында Ж. Баласагын атындагы КУУ менен КР УИАнын ассоциацияланган мүчөлүгү жөнүндө келишим түзүлдү.

Өйдөкү аталган расмий документтерге ылайык илимий иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп, академиялык интеграцияга кеңири мүмкүндүктөр ачылды. Эң башкысы, төмөнкүдөй илимий парадигмалардын айрымдары жүзөгө ашырылууда жана күн тартибине коюлууда: илимий метрика тармагындагы эң актуалдуу жана уникалдуу мүмкүнчүлүктөр боюнча өнөктөштүк сунуштарын берүүгө; консалтинг жана маалымат топтоого; илимий семинарларды жана конференцияларды өткөрүү аркылуу мамлекеттин илимий потенциалын биргелешип өнүктүрүүгө; жалпы илимий программаларды жана курстарды уюштурууга; өнөктөштүк негизде илимий метрика боюнча вебинарларга катышууга; университетке таасир эте турган жалпы илимий долбоорлорду, ресурстарды, илимий борборлорду түзүүгө; илимий кадрларды (магистранттарды, PhD, аспиранттарды, докторанттарды) биргелешип даярдоого ж.б.

Улуттук университеттин окумуштууларынын илимий ишмердүүлүгүн жана квалификациясын өркүндөтүүгө ыңгайлуу шарт түзүү максатында Диссертациялык кеңештердин саны 4төн 13кө көбөйүп, 3 эсеге өстү. Ал кеңештердеги Улуттук университеттин

окумуштууларынын пайыздык катышы 56% экендиги кимди болбосун кубандырбай койбойт. Бул диссертациялык кеңештерде университеттен 7 докторлук, 10 кандидаттык диссертация өткөн жылы ийгиликтүү корголгон. Албетте, эмгекти жактоо - жетишкендик, ийгилик. Бирок, ал - биз жетчү мара эмес, ал сапардын өзү. Ар бир жолу сапарда кайсы бир чокуга чыксак, биз андан да илгери турган кыл чокуга көз чаптырышыбыз абзел. Алар бул ойду туура түшүнүшөт. Сөздүн оңуту келип тургандыктан, докторлук диссертацияларын коргогондордун ысымдарын атай кетүү биз үчүн да сыймыктуу: Т.Б. Абыкеева-Султаналиева, Г. Абдыразакова, А.М. Алыбаев, Э.С. Анаркулова, Б.С. Батырбаев, Ч.И. Сааданбекова, Сардарбек кызы Нурайым, Р.Т. Сулайманова, А.Т. Эсенбекова. Ысымдары аталгандар тариздүү диссертациялык кеңештерге байланыштуу бул ыңгайлуу жагдайды илимге умтулган жаштар да рационалдуу жана оптималдуу пайдалануу менен окуу жайдын QS рейтингин көтөрүүгө өз салымдарын кошоору күмөнсүз.

Өзгөчө макам алгандан кийин университеттин рейтингин жогору көтөрүүдө илимий долбоорлордун ролу абдан зор. Алсак, Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-2023-окуу жылындагы 10 долбоорун Фундаменталдык илимдер институту ийгиликтүү аяктап, отчеттору берилди. Алардын айрымдары 2024-жылга карата узартылды. Институтта илимий даражасы бар изилдөөчүлөрдүн үлүшү 60% дан жогору.

Аспиранттардын, магистранттардын, жогорку курстарда окуган жөндөмдүү студенттердин айрымдары илимий изилдөөлөргө үзгүлтүксүз тартылууда. Долбоорго бөлүнгөн 9,744 миң сом натыйжалуу пайдаланылды. Ошондой эле университетте эл аралык деңгээлдеги 16 долбоор жана республикалык маанидеги 12 долбоор ишке ашырылды. Албетте, акыл-ой өлбөйт. Ошондуктан, университетте ойлонуш үчүн, чыгармачылыкка умтулуш үчүн кырдаалдар түзүлүп, түрткү берүү жагдайлары өркүндөтүлүүдө.

Учурдагы илимий метрика илимпоздордун илимий иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы баалоо критерийлерин сунуштоодо.

Баалоонун негизги критерийлерине төмөнкүлөр кирет: Индекс Хирша; Илимий макалалардын цитаталарынын индекси; Өзүн-өзү цитаталоо индекси; Журналдын импакт-фактору. Акыйкатта, илимий метрика – бул акылдын, тапкычтыктын, эстүүлүктүн, күчтүү мүнөздүн жана эң залкар нерсеге умтулуучулуктун ширендиси сындуу.

Ошондуктан, Улуттук университеттин штаттык бирдигинде турган окумуштуулар менен кызматкерлердин Скопуска жарыяланган макалаларына илимий метрикалык талдоо жасалды. Ал талдоолордо ар бир окутуучу-профессордун, 60 кафедранын жана 16 факультеттин, 10 институттун рейтингдик көрсөткүчтөрү аныкталды. Асыресе, ал материалдардын саны жана сапаты ар түрдүү.

Албетте, университетте илимий изилдөөлөр, негизинен, математикалык жана табигый-техникалык(1), экономикалык(2), коомдук-гуманитардык(3) багыттарда жигердүү ишке ашырылып келүүдө. Алардын эмгектеринин саны менен сапаты, сөздүн толук маанисинде, көңүл буруунун, ой чайкоонун мезгили менен мейкиндигине арзыйт. Атай кетсек, Скопуска 2022-жылы 29 макала катталса, 2023-жылы 59 макала катталганы белгилүү болду. Ал эми макалалардын Скопуска жалпы катталуусу 237ге жеткен.

2023-жылы Скопуска макала жарыялоо активдүүлүгү боюнча алдыңкы окумуштууларды белгилей кетүү оң: Орозонова А. А, Дooранов А. А, Аламанова Ч. Б, Канетов Б. Э, Омурова Ж.О, Осмоналиева Н. Ж, Парманасова А. Дж. ж.б.

Ал эми, РИНЦ боюнча илимий метрикалык талдоонун корутундулары төмөнкүдөй сандык катыштарды берди. Макалалалардын жалпы саны 7929 болсо, акыркы беш жыл ичинде 3424. Булардын ичинен 2021-2022-окуу жылында 1704 макала жарык көргөн. 2023-жылы 303 макала жарыяланган. Өйдөкү макалаларга шилтеме берүү 11754, алардын ичинен өзүнө-өзү шилтеме берүү 2642. Ошентип, хирш индекси 725 жеткен. Алардын ичинен: Экономиканын жогорку мектебинен - 1157, Юридикалык институттан – 1082, Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институтунан – 629, Социалдык - гуманитардык илимдер институтунан – 570, Тарых жана чөлкөм таануу институтунан – 441, Математика ж/а информатика факультетинен - 425, Менеджмент жана бизнес институтунан – 421 ж.б. түзүмдүк курамдардын окутуучу-профессорлору аталган сандагы макалаларын жарыялагандыгын белгилей кетүү абзел.

Google Академия – бардык илимий багыттардагы, форматтагы жана дисциплиналардагы басылмалардын толук текстин индекстеген эркин жеткиликтүү болгон илимий издөө системасы. Бул боюнча Улуттук университеттин окумуштууларынын илимий ишмердүүлүгүнүн сандык жана сапаттык катышы төмөнкүдөй: 2018-2023-жылдын аралыгында жарык көргөн макалаларды колдонуунун жана шилтеме берүүнүн саны 16369, алардын хирша индекси 867 болсо, ондук индекси 1001 барабар. Бардык жылдардагы жалпы макалаларга шилтеменин

статистикасы 29693, булардын хирша индекси 1351, ал эми ондук индекси 624тү уюштурат. Бул сандык көрсөткүчтөр илим жаатында окуу жайда ийгиликтүү жана жемиштүү иштер жүрүп жаткандыгын айкындайт.

Скопус, Ринц, Гугл Академия ж.б. системаларына кирген журналдардын индекстелген басылмаларынын санын көбөйтүү аркылуу университеттин илимий аброй-бедели менен катар бюджеттик жана келишимдик каржылоосунун булактарын өркүндөтүүгө өбөлгөлөр түзүлүүдө. Окутуучуларды илимий чыгармачылык тилек-максаттарга жетишүүсүнө (диссертацияларды коргоо, илимий даражаларды, наамдарды алуу ж.б.) пайдубал бекемделүүдө. Окуу жайдын кызматкерлеринин макалаларды жарыялоо ишин күчөтүү аркылуу университеттин рейтингин, анын ичинде эл аралык рейтингин жогорулатууга негиздер чыңдалууда. Сомосунан, университеттин да, жеке окумуштуулардын да дүйнөлүк илимий рейтингде таанылуусунун булагы гана болбостон, бул алардын аброй-дөөлөтүнүн көрсөткүчү да болуп калат.

Улуттук университеттин Окумуштуулар кеңешинин үстүбүздөгү жылдын 25-декабрындагы отурумунда окуу жайдын кызматкерлеринин Scopus жана Web of Scienceте жарыялоо активдүүлүгүнө өбөлгө түзүү жөнүндө жобосу (1), улуттук университеттин илимий мектептери жөнүндөгү жобосу (2), улуттук университеттин профессор-насаатчы жөнүндө жобосу (3) бекитилди. Ал эми, 2024-жылдын 7-февралында Улуттук университеттин ички илимий изилдөө гранттарынын конкурсу жөнүндө жобосу ар тараптуу талкуулануу менен колдоо тапты (4).

2022-жылы 16 монография жарыкка чыкса, 2023-жылы 29 монография жарыяланып 13 аталышка өскөн. Салыштырып караганда, 2022-жылы окуу китептеринин саны 15, лекция жыйнактары 1, окуу куралдары 17, окуу-методикалык куралдары 48, окуу-практикалык куралдары 9 болуп, жалпысы 90 окуу-методикалык комплекстер жарык көрсө, 2023-жылы окуу китептеринин саны 32, лекция жыйнактары 17, окуу куралдары 28, окуу-методикалык куралдары 90, окуу-практикалык куралдары 47 болуп, жалпысы 214тү түзөт. Демек, экиден төрт эсеге чейинки өсүштү байкоого болот.

2023-жылы Улуттук университетте эл аралык жана республикалык деңгээлде 50дөн ашык конференция өткөрүлдү, ага окуу жайдын окутуучу-профессорлору демилгелүү катышып, актуалдуу илимий баяндамаларын жасашты. Алардын ичинен 2023-жылдын 19-апрелинде

"Тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү жана жашыл экономика" аттуу ири эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция өттү. 27-июнда «Кыргыз-казак элдеринин тагдырлаш тарыхы жана алакалаш келечеги» аттуу эл аралык илимий конгресс өткөрүлдү. 8-10-июнда “Евразиядагы орто кылымдардагы саясий, социалдык-экономикалык жана этномаданий жүрүмдөр” аттуу эл аралык илимий конференция болду. Ошондой эле Улуттук университеттин күнүнө, Илим күнүнө, “Манас” күнүнө, Ч. Айтматовдун 95 жылдыгына арналган (казак-кыргыз окумуштууларынын катышуусунда) илимий-тажрыйбалык конференциялар, тегерек столдор, симпозиумдар, конгресстер, жолугушуулар, конок-лекциялар, семинар-тренингдер ж.б. үзгүлтүксүз өткөрүлүп турду.

Аспирантура жана докторантура бөлүмү өндүрүштөн тышкары (күндүзгү бөлүм) жана өндүрүштөн үзгүлтүксүз (сырттан окуу бөлүмү) боюнча бюджеттик жана келишимдик негизде аспиранттарды жана докторанттарды 15 илимий багытта 75 адистик менен даярдайт. 2023-2024–жылга карата аспиранттардын жалпы контингенти 210  адам, алардын 102  бюджеттик,  108 келишимдик негизде окуп, өздөрүнүн изилдөө иштерин жүргүзүп жатышат.

Бюджеттик негизде окуган аспиранттардын  12 күндүзгү бөлүмдө, ал эми 90  сырттан окуу бөлүмдө окушат. Күндүзгү бөлүмдөгү 12 аспирантка мамлекет тарабынан стипендия төлөнөт. Келишимдик негизде 108 аспирант бар, анын 50 күндүзгү бөлүмдө, 58 сырттан окуу бөлүмүндө. Бардыгы: күндүзгү бөлүмдө – 62; сырттан окуу бөлүмүндө – 148 аспирант даярдалууда. Быйыл 1-курска кабыл алынган 65 аспирант толугу менен келишимдик негизде билим алышат. Докторанттардын жана PhD саны дагы мурдагы жылдарга салыштырмалуу кыйла өстү.

Аспиранттардын жана докторанттардын илимий жетекчилери/кеңешчилери бардыгы болуп 85. Алардын  ичинен илимдин докторлору – 72, профессорлор – 63,  КР УИАнын корр.-мүчөлөрү – 5, академиктер – 2 жана 13 илимдин кандидаты, 22 доцент жетекчилик кылууда.

Аталган жылы 3893829,99 сомго жаңы китептер сатып алынды. Университеттин окумуштууларынын илимий иш сапарлары да жаңы деңгээлге чыгып, натыйжалуу боло баштады. Өткөн жылы бул ишке 6 млн.112 миң сом бөлүнгөн.

Азыр окуу жайдын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүндө QS мейкиндигине багыталган илимчил күчтүү жана натыйжалуу саясат жүргүзүлүүдө. Илимий метриканын өйдөкү жыйынтыктары аргасыздан Батыш менен Чыгышты, улут менен адамзатты, салттуулук менен

жаңычылдыкты бириктирген интеллектуалдуу зор ааламдын  образын көз алдыга тартат. Ошол зор ааламда Улуттук университет өзүнүн идентtүүлүгүн айкын-ачык табаары талашсыз.

Жалпылаштырып айтканда, улуттук университеттин окутуучу-профессорлору билим берүү, илимий-изилдөө жана инновация түшүнүктөрүн методологиялык жактан бир бүтүн, комплекстүү дүйнө катарында кабылдоо менен эпкиндүү эмгектенишүүдө.

## Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы

**2022-жыл 18-июль № 243**

**“Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө”**

Финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарды консолидациялоо, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, ТОКТОМ КЫЛАМ:

Кыргыз Республикасынын төмөнкү мамлекеттик жогорку окуу жайларына кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономияны берүүнү караган өзгөчө статус берилсин:

– Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине;

– И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине;

– К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине;

– И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына;

– Ош мамлекеттик университетине.

## Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүмдүк бөлүмдөрү



# КУУнун илимий потенциалы



**1 КР УИАнын Ардактуу академиги, корреспондент-мүчөсү**



**142 Илимдин доктору**



**4 КР УИАнын корреспондент-мүчөсү**



**555 Илимдин кандидаты**

# Илимий даража жана наамдын өсүшү

| | 2022 | 2023 | Өсүшү |
|---|---|---|---|
| Илимдин доктору | 127 | 142 | **+15** |
| Профессор | 92 | 124 | **+32** |
| **Айырмасы** | **-35** | **-18** | |
| Илимдин кандидаты | 557 | 555 | **-2** |
| Доцент | 416 | 419 | **+3** |
| **Айырмасы** | **-141** | **-136** | |

## Түрткү берүүчү төлөмдөр:

| Төлөмдөр: | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. |
|---|---|---|---|
| Илимдин кандидаттары | 0 | 0 | 30 000 |
| Илимдин докторлору | 0 | 0 | 50 000 |
| Илимий жетекчилер | 0 | 0 | 25% өлчөм акы берүү |

## Илим жаатындагы төлөмдөр:

| | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|
| Илим жаатындагы КУУнун сыйлыктары | 0 | 0 | **75 000** |
| Илим менен алектенгендердин окуу жүктөмү | 0 | 0 | **200 саатка кыскарды** |



## Кайра жандандырылган бөлүмдөр

<table>
<tr><th>№</th><th>Аталышы</th><th>2021-ж.</th><th>2022-ж.</th><th>2023-ж.</th></tr>
<tr><td rowspan="2">1.</td><td rowspan="2">Типография</td><td rowspan="2">0</td><td rowspan="2">0</td><td>КУУнун типографиясы</td></tr>
<tr><td>(5 штаттык кызматкер жумушка алынды)</td></tr>
<tr><td rowspan="2">2.</td><td rowspan="2">“Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы” Редакциялык-басма бөлүмү</td><td rowspan="2">0</td><td rowspan="2">2022-ж. октябрынан баштап</td><td>2023-ж. октябрынан баштап</td></tr>
<tr><td>(3 штаттык кызматкер алынды)</td></tr>
</table>

## КУУнун ички илимий гранттары:

| | **2019-2020** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2023-2024** |
|---|---|---|---|---|
| **КУУнун ички илимий гранттары** | 2060 000 сом | 500 000 сом | 0 сом | **8 млн.сом** |

## 2023-ж. жаңы ачылган илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-өндүрүштүк борборлору

1. **Маркетингдик изилдөө борбору.**
2. **Фундаменталдык илимдер институтунун Жасалма интеллект илимий изилдөө борбору:**
3. **Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана инклюзивдик билим берүү борбору.**
4. **«Улуу Алтай» алтаистика жана түрк таануу Улуттук билим берүү борборунун өкүлчүлүгү.**
5. **Илимий изилдөө, санариптик жана музейдик билим берүү борбору.**
6. **Россия изилдөө борбору.**
7. **Медиа изилдөөлөрдүн илимий борбору.**
8. **Коммуникация мектеби.**
9. **Продюссердик борбору.**
10. **Борбордук Түрк мурастары жана түрк тилдүү өлкөлөрдүн журналистика борбору.**
11. **«Түрк мурасы борбору» фонду.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы ПЖ № 26 “Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыкты ишке ашыруу максатында КУУга КР УИАнын төмөнкү институттары бекитилгендигине байланыштуу алар менен алдынкы келишимдер түзүлгөн.**

1. КР УИАнын математика институту тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда илимий-билим берүүчү жана инновациялык комплекс уюшулду.

2. Академик Ж. Жээнбаев атындагы физика институту тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку кесиптик билими бар адистерди даярдоо боюнча кызматташуу жөнүндө келишим токулду.

3. КР УИАнын Химия жана Биотехнология институту Ж. Баласагын атындагы КУУнун ортосундагы кызматташтык жөнүндө меморандум бекитилди.

4. Улуттук Академиялык консорциумдун алкагында  Ж.Баласагын атындагы КУУ менен КР УИАнын ассоциацияланган мүчөлүгү жөнүндө келишим түзүлдү.

Аталган расмий документтерге ылайык илимий иш-чаралар байма-бай өткөрүлүүдө. Эң башкысы, келечекте төмөнкүдөй илимий парадигмаларды жүзөгө ашырууга болот:

1. Илимий метрика тармагындагы эң актуалдуу жана уникалдуу мүмкүнчүлүктөр боюнча өнөктөштүк сунуштарын берүүгө; 2. консалтинг жана маалымат топтоого; 3. илимий семинарларды жана конференцияларды өткөрүү аркылуу мамлекеттин илимий потенциалын биргелешип өнүктүрүүгө; 4. жалпы илимий программаларды жана курстарды уюштурууга; 5. өнөктөштүк негизде илимий метрика боюнча вебинарларга катышууга; 6. университетке таасир эте турган жалпы илимий долбоорлорду, ресурстарды, илимий борборлорду түзүүгө ж.б.

## Диссертациялык жана анда корголгон илимий эмгектер көрсөткүчү

### Диссертациялык кеңештер




### 2023 – жылы КУУнун диссертациялык кеңештеринде илимий эмгектерин коргогон улуттук университеттин окумуштуулары



## Ж. Баласагын атындагы КУУнун диссертациялык кеңештеринин аталыштары (2023 ж.)

| № | Иш мөөнөтү | Уюмдаштыруучулар | Илимдердин тармагы | Жетекчилик | Пайыздык катышы | | | Коргоо | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жалпы | КНУ | % | док. | канд. | жалпы |
| 1 | **Д 01.22.647**<br>31.03.2022ж.<br>31.03.2024ж. | КР УИА Математика институту + КУУ | **Физико-математикалык илимдер** | *Төрага* - Борубаев А. А.<br>*ОК*- Шаршембиева Ф. К. | 13 | 3д+2к | 38,4 | **1**<br>***1*** | **2**<br>***1*** | **3**<br>***2*** |
| 2 | **Д 07.23.671**<br>10.05.2023ж.<br>10.05.2025ж. | КР УИА Тарых, археология жана этнология институту + КУУ (с) | **Тарыхый илимдер** | *Т*.- Осмонов Ө. Ж.<br>*ОК*- Карыева А.К. | 15 | 7д | 46,6 | **1**<br>***-*** | **6**<br>***1*** | **7**<br>***1*** |
| 3 | **Д 07.23.674**<br>09.06.2023ж.<br>09.06.2025ж. | КР УИА Тарых, археология жана этнология институту + КУУ (с) | **Тарыхый илимдер** | *Т*. - Асанканов А. А.<br>*ОК* - Бикбулатова А. Р. | 13 | 3д+2к | 38,4 | **-**<br>***-*** | **3**<br>***2*** | **3**<br>***2*** |
| 4 | **Д.08.23.666**<br>04.04.2023ж.<br>04.04.2025ж. | КУУ+ Кыргыз мамлекеттик техникалык университети | **Экономикалык** | *Т*. - Шербекова А. А.<br>*ОК* – Есеналиева Б. Б. | 15 | 6д | 40 | **2**<br>***-*** | **4**<br>***1*** | **6**<br>***1*** |
| 5 | **Д 09.22.657**<br>09.11.2022ж.<br>09.11.2024ж. | КР УИА Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту + КУУ (с) | **Философиялык, маданият** | *Т*. - Саралаев Н. К.<br>*ОК*- Алымкулов З. А. | 17 | 2д | 11,7 | **4**<br>***2*** | **6**<br>***-*** | **10**<br>***2*** |
| 6 | **Д 10.23.667**<br>04.04.2023ж.<br>04.04.2025ж. | КР УИА Тил жана адабият институту + КУУ +Бишкек гуманитардык университети | **Филологиялык илимдер** | *Т*. - Ибраимов О. И. *ОК* - Ыйсаева Н. Т. | 21 | 2д | 9,5 | **1**<br>***1*** | **2**<br>***-*** | **3**<br>***1*** |
| 7 | **Д 12.22.648**<br>06.04.2022ж.<br>06.04.2024ж. | КУУ + КР ИИММ академиясы | **Юридикалык илимдер** | *Т*. - Кочкарова Э. А. А.<br>*ОК* - Анаркулова Э. С. | 15 | 7д+1к | 53,3 | **2**<br>***2*** | **2**<br>***2*** | **4**<br>***4*** |
| 8 | **Д 12.23.668**<br>04.04.2023ж.<br>04.04.2025ж. | КУУ + Жалал-Абад МУ+ КР ИИММ академиясы | **Юридикалык илимдер** | *Т*. - Сабырова К. Ж.<br>*ОК* - Абдукаримова Н. Э. | 13 | 3д | 23,0 | **2**<br>***-*** | **5**<br>***-*** | **7**<br>***-*** |
| 9 | **Д 12.23.669**<br>04.04.2023ж.<br>04.04.2025ж. | КУУ + КРСУ | **Юридикалык илимдер** | *Т*. - Токтобаев Б. Т. *ОК* – Сагыналиева В. Ж. | 16 | 5д | 31,5 | **1**<br>***1*** | **3**<br>***2*** | **4**<br>***3*** |
| 10 | **Д 13.23.673**<br>10.05.2023ж.<br>10.05.2025ж. | КМУ + КУУ | **Педагогикалык; психологиялык илимдер** | *Т*. - Муратов А. Ж.<br>*ОК* - Омурбаева Д. К. | 21 | 3д | 18,7 | **1**<br>***-*** | **6**<br>***1*** | **7**<br>***1*** |
| 11 | **Д 13.23.675**<br>06.06.2023ж.<br>06.06.2025ж. | КМУ + КУУ | **Педагогикалык илимдер** | *Т*. - Чоров М. Ж. *ОК* - Чалданбаева А. К. | 15 | 4д | 26,6 | **1**<br>***-*** | **2**<br>***-*** | **3**<br>***-*** |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | **К 02.21.639**<br>01.02.2024ж.<br>01.02.2026ж. | КУУ+ Ош мамлекеттик университети | **Химиялык илимдер** | *Т.* - Сарымзакова Р.К.<br>*ОК* - Субанкулова Д. А. | 13 | 3д+2к | 38,4 | -<br>- | -<br>- | -<br>- |
| **Бардыгы:** | | *Диссертациялык кеңештин сапаттык курамы* | | | 187 | 55(48+7) | 56 | | | |
| | | *Диссертациялык кеңештерде жактагандардын саны*<br>*КУУнун кызматкерлеринин коргогондорунун саны* | | | | | | **16/7** | **41/10** | **57/17** |

## 2023–жылы кандидаттык диссертацияларын коргогондордун тизмеси

| | **Ф.А.А.** | **Кандидаттык диссертациянын темасы** | **Адистикшифри** | **Илимий жетекчиси** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Муканбетова Айзат Темирбековна | Псевдопараболалык тендемелер үчүн чектик тескери маселелер | 01.01.02 | Аблабеков Б.С., ф.-м. и. д., проф. |
| 2 | Мамытова Алтынай Билаловна | Юрта как форма традиционного жилища кыргызов | 07.00.07 | Асанканов А. –академик. |
| 3 | Умаралиев Элдербек Станбекович | Кыргыздардагы Умай эненин культу: тарыхый-этнографиялык изилдоолор | 07.00.07 | Каратаев О. К. - , т.и.д., проф. |
| 4 | Айтымбетов Мирбек Бакытович | История политизации и деполитизации ислама в странах постсоветской Центральной Азии | 07.00.02 | Абдырахманов Т. А. – член-корр. |
| 5 | Исмаилова Шукүр Арпидиновна | Кыргызстанда Ханафий укуктук мектебинин таралышы | 07.00.02 | Абдырахманов Т. А. – член-корр. |
| 6 | ͅултаналиева Бегайым Абдыбековна | Модернизация формирования социально ориентированного бюджета в КР | 08.00.10 | Саякбаева А.А. – э.и.д., проф. |
| | Имангазиева Оксана Узаковна | Проблемы государственного финансово-го контроля в условиях реформирования бюджетного процесса в КР | 08.00.10 | Саякбаева А.А. – э.и.д., проф. |
| 8 | ͅсенгельди кызы Алтынай | Статистический анализ социальных услуг в КР | 08.00.12 | Акылбекова Н.И. - э.и.д., проф. |
| | Мамытова Асел Казыбековна | Англис жана кыргыз тилдериндеги табыш тууранды этиштердин лексико-семантикалык өзгөчөлүктөрү | 10.02.20 | Найманова Ч. К. – ф.и.д., доц. |
| 10 | Ма Дюань | Воспитание толерантности у студентов гуманитарных факультетов в процессе внеаудиторной работы (на материалах вузов КР | 13.00.01 | Ахметова Н.А. – п.и.д., проф. |
| 11 | Жуматаева Асылгул Сарынжиевна | Кыргыз эл педагогикасында балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары. | 13.00.01 | Алимбеков А. –п.и.д., проф. |
| 12 | Омуралиева Кундуз Садамбековна | Лингводидактические основы развития профессиональной речи студентов на занятиях по русскому языку (по юридическим направлениям) | 13.00.02 | Добаев К.Д. -п.и.д, проф. |
| 13 | Жолдошбекова Айгерим Жолдошбековна | Конституционно-правовые основы обеспечения и реализации принципа гендерного равенства в КР | 12.00.02 | Рысмендеев Б.Дж. - ю.и.д., проф. |
| 14 | Алахунов Низахун Абылкасымович | Процессуальное соглашение о признании вины, в уголовном судопроизводстве Кыргызской Республики | 12.00.09 | Сманалиев К.М. – ю.и.д., проф. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | Калыгулова Алима Джумабековна | Полномочия следственного судьи в досудебном производстве уголовного процесса Кыргызской Республики | 12.00.09 | Сманалиев К.М. - ю.и.д., профессор |
| 16 | Усенов Улан Мирбекович | Права женщин в международном и исламском праве | 12.00.10 | Муратбекова С.М. - ю.и.д., доц. |
| 17 | Абдыкаимова Светлана Юрьевна | Саморегуляция как фактор успешности учебной деятельности старших подростков | 19.00.07 | Конурбаев Т. А. – пс.и.к., доц. |

## 2023–жылы докторлук диссертацияларын коргогондордун тизмеси

| № | Ф.А.А. | Докторлук диссертациянын темасы | Адистик шифри | Илимий кеңешчиси |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Алыбаев Анарбек Масалбекович** | Регуляризация обратных задач, где вырождаются некорректные интегральные уравнения Вольтерра первого рода | 01.01.02 | Омуров Т.Д. – ф.-м.и.д., проф. |
| 2 | **Абдалиева Гульзада Кошоевна** | Вынужденная миграция кыргызов в Китай и их реэмиграция в хх веке | 07.00.02<br>07.00.03 | Абдырахманов Т. А. – член-корр. |
| 3 | **Сааданбекова Чолпон Идирисовна** | Самореализация женщин: социально-философский аспект. | 09.00.11 | Айтбаев А. А. – ф. и. д., проф. |
| 4 | **Абдыразакова Гульмира** | Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү түйүндүү концепттер | | МаразыковТ.С. - КР УИАнын корр.-мүчөсү, ф.и.д., проф. |
| 5 | **Сардарбек кызы Нурайым** | Художественное своеобразие кыргызских переводов романов Ч. Айтматова | 10.01.01 | Шаповалов В.И. – д.филол.н., проф. |
| 6 | **Сулайманова Рахат Токтогуловна** | Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы. | 13.00.01 | Асипова Н.А. – пед.и.д., проф. |
| 7 | **Эсенбекова Асия Таштанбековна** | Организация правоохранительной деятельности в сфере борьбы с религиозным экстремизмом | 12.00.12 | Керезбеков К. К. - ю.и.д., проф. |
| 8 | **Анаркулова Эльвира Суйоркуловна** | Административная ответственность за нарушение земельного законодательства Кыргызской Республики | 12.00.14 | Керезбеков К.К. - ю.и.д., профессор |
| 9 | **Батырбаев Бактыбек Сулайманович** | История Становления и развития Института присяжных по уголовно-процессуальному законодательству КР | 12.00.01;<br>12.00.09 | Кеңешчиси жок |
| 10 | **Абыкеева-Султаналиева Таалайгул Бакаевна** | Туруктуу өнүгүүнүн модели ааламдашуу шартындагы адамзаттын коопсуздугу катары. | 09.00.11 | Тогусаков О. А., академик. |

## Фундаменталдык илимдер институтунда ишке ашырылган 10 илимий долбоор

1. Башталгыч кесиптик билим берүүнү санариптештирүүнү технологиялык жактан камсыздоо
Мамбетакунов Э.М., п.и.д., профессор

2. Жалпы билим берүү системасына жасалма интеллектти киргизүү технологиялары
Сабитов Б.Р., ф.-м.и.к., доцент

3. Айыл чарбадагы жасалма интеллект
Картанова А.Дж., ф.-м.и.к., доцент

4. Окутуучунун ресурсу маалыматтык порталын моделдөө ыкмаларын изилдөө жана иш жүзүнө ашыруу
Ажыманбетова Г.И., п.и.к., доцент

5. «Борбордук Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттердин ортосундагы аскердик-саясий мамилелердин заманбап көз караштарын жана көйгөйлөрүн изилдөө, чек арадагы куралдуу кагылышууларды жөнгө салуу (чечүү)»
Базакеева К.Ж., п.и.к., доцент

6. «Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы коопсуздук маселелери»
Омурова Ж.О., т.и.д., профессор

7. Ааламдашуу шартында кыргыз коомунун биримдигин бекемдөөдө мамлекеттик тилдин орду жана ролу
Жусубалиев А.Р., с.и.к., доцент

8. Азыркы учурдагы кыргыз балдар адабиятындагы проблемалар жана аны чечүүнүн жолдору
Медетов А.С., ф.и.к., доцент

9. Ысык-Көл ойдуңунун жана Бишкек шаарынын атмосферасында зыяндуу аралашмалардын жер бетиндеги концентрациясына мониторинг жүргүзүү
Жусупкелдиев Ш., ф.-м.и.к., доцент

10. Кыргыз Республикасында инклюзивдик жогорку билим берүүнү ишке ашырууну камсыз кылуунун илимий-методологиялык негиздери
Карабалаева Г.Т., п.и.д., проф.

**Фундаменталдык илимдер институтунун каржылоо динамикасы (2021 - 2023) (млн.сом)**



## ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ДОЛБООРУНА КАТЫШУУ

### Эл аралык -16

16

География, экология жана туризм – **6**
Кадр. кайра даярдоо ж/а квалиф. жогорулатуу – **3**
Тарых жана чөлкөм таануу – **1**
Кыргыз филологиясы – **1**
Социалдык гуманитардык илимдер - **1**
Орус жана славян филологиясы - **1**
Журналистика жана коммуникация - **1**
Чет тилдер – 1
Биология - 1

долбоор

### Республикалык -10

10

Кыргыз филологиясы – 3

Социалдык гуманитардык илимдер – **3**

Экономика жогорку мектеби – 3

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу - 1

долбоор





Тема: «Илимий цитаталар базалары менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү (Scopus, Google Scholar, Web of Science, РИНЦ жана Н-индекс)».

Тема: «Scopus маалымат базасында индекстелген журналга илимий макаланы кантип жазуу жана жарыялоо маселелери».





Тема: «Scopus, РИНЦ, Google Академия жана Orcid илимий-метрикалык маалыматтар базасын колдонуу».

Бардыгы: 20 семинар, 12 окутуу

| ИЛИМИЙ МЕТРИКАЛЫК ТАЛДОО – СКОПУС (3-талдоо) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Түзүмдүк бөлүм | Макаланын жалпы саны | Макаланын жалпы цитатасы | Акыркы 5 жыл ичиндеги макаланын саны | 2022 - жылдагы макаланын саны | 2023 – ж. макаланын саны | Хирш индекси |
| 1 | Физика жана электроника | 29 | 74 | 5 | 0 | 1 | 8 |
| 2 | Математика жана информатика | 28 | 44 | 21 | 1 | 4 | 6 |
| 3 | Кадр. кайра даярдоо жана кесибин жогорулатуу | 24 | 39 | 24 | 5 | **11** | 8 |
| 4 | Комп. тех. жана жасалма интеллект | 22 | 43 | 12 | 1 | 1 | 9 |
| 5 | Юридикалык | 22 | 1 | 14 | 12 | 2 | 1 |
| 6 | Социалдык - гуманитардык илимдер | 20 | 2 | 15 | 3 | 7 | 1 |
| 7 | Тарых жана чөлкөм таануу | 17 | 644 | 17 | 3 | 3 | 6 |
| 8 | Геогр,экол. жана туризм | 11 | 369 | 5 | 2 | 1 | 7 |
| 9 | PhD докторанттар | 9 | 1 | 9 | 0 | **9** | 1 |
| 10 | Экономиканын жогорку мектеби | 5 | 0 | 5 | 1 | 4 | 0 |
| 11 | Журналистика жана коммуникация | 4 | 0 | 4 | 0 | 0 | 0 |
| 12 | И.Ч.Исамидинов ат. педагог. кадр.д. | 3 | 1 | 3 | 0 | 0 | 1 |
| 13 | Кыргыз - европа | 2 | 5 | 1 | 0 | 1 | 1 |
| 14 | Чет тилдер | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 15 | Кыргыз - кытай | 2 | 0 | 2 | 0 | 0 | 0 |
| 16 | Химия жана химиялык тех. | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 17 | Биология | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 18 | КУУнун кесиптик колледжи | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 19 | Менеджмент жана бизнес | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 20 | Кыргыз филологиясы | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 21 | Эл аралык мамилелер ж/а чыгыш таануу | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 22 | **Медициналык** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 23 | **КУУнун факультеттер аралык каф.** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 24 | **Каракол ш. гуман. - табигый илимдер** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 25 | **Нарын шаар. гуман.табигый илимдер** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 26 | **Талас облус. гуман.- табигый илимдер** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 27 | **Мамлекет. ж/а муниц. башкаруу** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 28 | **Орус жана славян филологиясы** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | **ЖАЛПЫ** | **211** | **1233** | **146** | **29** | **50** | **51** |

## КУУнун 2023-жылдагы илимий метрикалык жалпы талдоосу

Scopus

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Макаланын жалпы саны | 214 |
| 2 | Макаланын жалпы цитатасы | 1553 |
| 3 | Акыркы 5 жыл ичиндеги макаланын саны | 149 |
| 4 | 2022 - жылдагы макаланын саны | 30 |
| 5 | 2023 - жылдагы макаланын саны | 50 |
| 6 | Индекс Хиршасы | 53 |

ИЛИМИЙ МЕТРИКАЛЫК ТАЛДОО - SCOPUS (4-анализ) (ДИАГРАММАЛАР)

# Макаланын жалпы саны

Scopus



# Макаланын жалпы цитатасы

Scopus



# Акыркы 5 жыл аралыгындагы макаланын сан

Scopus



# 2022 - жылдагы макаланын саны



# 2023 - жылдагы макаланын саны



# Хирш индекси

Scopus



# КУУнун ар кандай аталыштарын бириктирүү процесси

Scopus

**University profile...**
Dear SCOPUS administrators, could you please add our university to the Scopus database and merge different names into one pro file.
The correct name of the University is: **Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn**
Researchers and staff at Jusup Balasagyn Kyrgyz National University currently publish their articles under different university names, for example:
1) Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn;
2) KYRGYZ NATIONAL UNIVERSITY NAMED AFTER JUSUP BALASAGYN;
3) Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn;
4) Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn;
5) Kyrgyz National University named after J. Balasagyn;
6) Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn;
7) Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn;
8) Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn;
9) KNU;
10) KNU named after Jusup Balasagyn;
11) Kyrgyz State University named after ZH. Balasagyn.
12) Kyrgyz State University named after J. Balasagyn;
12) Kyrgyz State University named after J. Balasagyn. 50th Anniversary of the USSR;
13) Kyrgyz State National University.

***Sincerely,***
***head of the department of scientometrics and organization of scientific research,***

***Shaiyldaeva Asel Kokoevna: +996500106363 +996551636363***

***Corporate mail:*** **scopus@knu.kg**



# Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn

Frunze Street - 547, Bishkek
Bishkek, Kyrgyzstan
Идентификатор организации: 60072555
Другие форматы имен: Kyrgyz National University Named After Jusup Balasagyn · Kyrgyz National University · Kyrgyz State National University · Jusup Balasagyn Kyrgyz National University · Kyrgyz National University Named After J. Balasagyn · Zh. Balasagyn Kyrgyz National University
Смотреть все

Действия с профилем организации

Оставить отзыв
Настроить уведомление о документах
Экспортировать данные о предметной области

| Документы, только организация | Авторы |
|---|---|
| 237 | 165 |

Документы по отрасли знаний | Сотрудничающие организации | Документы по источнику

Сортировать по: Количество документов (по уб...

| | | | |
|---|---|---|---|
| Social Sciences | 57 | Agricultural and Biological Sciences | 13 |
| Earth and Planetary Sciences | 44 | Business, Management and Accounting | 11 |
| Physics and Astronomy | 40 | Materials Science | 7 |
| Engineering | 34 | Decision Sciences | 6 |
| Environmental Science | 34 | Biochemistry, Genetics and Molecular Biology | 5 |
| Arts and Humanities | 30 | Chemistry | 5 |
| Computer Science | 30 | Psychology | 5 |
| Mathematics | 28 | Chemical Engineering | 4 |
| Economics, Econometrics and Finance | 26 | Medicine | 2 |
| Energy | 17 | Multidisciplinary | 1 |

Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn



**SCOPUS базасындагы макалалардын санынын өсүү динамикасы**



**SCOPUS базасындагы жарыяланган макалалардын булактарынын динамикасы**



## Скопустагы журналдардын квартили (процентиль)

Q1 = 75-100%

Q2 = 50-75%

Q3 = 25-50%

Q4 = 0.1-25%



# 2023-жылы Скопуста жарыяланган макалалар

| № | Макаланын аталышы | Автору(лор) | Журналдын аталышы | Шилтеме | Квартиль |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Emotional state of patients with mild traumatic brain injury | Kemelova, V., Turgumbaev, D., **Baigazhanova, G., Sydykova, G.** | Biomedicine (India) | 0 | 2022-Q4 2023-Q4 |
| 2 | Migration processes in Central Asia from the middle of the eighth to early tenth century and their consequences (Book Chapter) | **Chorotegin, T.T.** | Heritage and Identity in the Turkic World: Contemporary Scholarship in Memory of Ilse Laude-Cirtautas (1926-2019) | 0 | нет данных |
| 3 | Development dilemma and solutions to online civil litigation in China: Kyrgyzstan experience | **Zhang, Q., Dzhumaliev, D.,** Qi, J. | Social and Legal Studios | 0 | нет данных |
| 4 | Sustainable development of the agricultural sector of the economy | Korneeva, E., **Alamanova, C., Orozonova, A., Parmanasova, A.,** Krayneva, R. | E3S Web of Conferences | 0 | Q3 или Q4 |
| 5 | Factors affecting the quality of human capital in industrial cities of Russia | **Shakirova, K.,** Barybina, A. | E3S Web of Conferences | 0 | Q3 или Q4 |
| 6 | On the R -compactification of uniform spaces | Borubaev, A.A., **Kanetov, B.E.,** Baidzhuranova, A.M., Zhumaliev, T.Z., Bekbolsunova, A. | AIP Conference Proceedings | 0 | Q4 |
| 7 | On countably uniformly paracompact mappings | Zhumaliev, T.Z., **Kanetov, B.E.** | AIP Conference Proceedings | 0 | Q4 |
| 8 | Legal Aspects of the Problems of Regulation of Advocacy in Criminal Proceedings in the Kyrgyz Republic | **Kurmanalieva, A., Sutalinova, N.,** Kyzy, M.K., Shevchenko, A., Dzhorobekova, R. | Pakistan Journal of Criminology | 0 | Q4 |
| 9 | Criminological Aspects of the Behaviour of Victims of Cyberattacks: Case Analysis of Hacking State Organisations Ensuring National Security | **Kanybekova, B.,** Arstanbekov, M., **Kakeshov, B.,** Erdolatov, C., **Artykbaev, I.** | Pakistan Journal of Criminology | 0 | Q4 |
| 10 | Dynamics of development of urban housing stock and urban population | Niiazalieva, K.N., Kydykbaeva, A.K., **Nazarbekova, E.U.,** Assylbayev, A.B., Yessimova, S.A. | E3S Web of Conferences | 1 | Q3 или Q4 |
| 11 | Inverse Problem of Determining the Source in the Aller–Lykov Equation with a Final Redefinition | **Ablabekov, B.C., Ablabekova, A.B.** | Lobachevskii Journal of Mathematics | 0 | Q2 |
| 12 | Montane Ecoclines in Ancient Central Asia: A Preliminary Study of Agropastoral Economies in Juuku, Kyrgyzstan | Chang, C., **Ivanov, S.S.,** Spengler, R.N., Mir-Makhamad, B., Tourtellotte, P.A. | Land | 1 | Q2 или Q3 |
| 13 | Political and Legal Aspects of Criminal and Administrative Responsibility for Information Security Offences in the Context of National Security of the Kyrgyz Republic | **Kakeshov, B.D., Kanybekova, B.K.,** Seidakmatov, N.A., **Zheenalieva, A.O.,** Kokoeva, A.M. | Economic Affairs (New Delhi) | 0 | Q4 |
| 14 | Means of developing the export potential of the country | **Dooranov, A., Asanova, A.,** Zhumaliyeva, Z., (...), Duliaba, N., Kolinko, N. | Southeast Asian Journal of Economics | 0 | Q4 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 15 | Formation of subject competence students using competence-oriented tasks in biology \| [Формирование предметной компетентности учащихся с использованием компетентностно-ориентированных задач по биологии] | Satybekova, M.A., Asipova, N.A., Chaldanbaeva, A.K., Turganbekovna, K.M. | Perspektivy Nauki i Obrazovania | 0 | Q2 или Q4 |
| 16 | Ecological and Economic Assessment of the Possibilities of Public-private Partnerships at the National and Local Levels to Reduce Greenhouse Gas Emissions | Prokopenko, O., Prokopenko, M., Chechel, A., (...), Omelyanenko, V., Orozonova, A. | Economic Affairs (New Delhi) | 2 | Q4 |
| 17 | Assessing Glacier Boundaries in the Ala-Archa Valley of Kyrgyzstan by Using Sentinel-1 SAR Dataset and High-Resolution UAV Imagery | Zholdoshbekov, E., Duishonakunov, M., Du, Q., Voda, M. | Remote Sensing | 0 | Q1 |
| 18 | The Contribution of Climate-Responsible Entrepreneurship in the Digital Economy Markets to Green Growth in Developed and Developing Countries | Osipov, V.S., Busurmankulova, U.N., (c)Popova, T.V., Barsukova, T.I. | Springer Climate | 0 | Q4 |
| 19 | High-Tech Export as a Vector of Development of Climate-Responsible Entrepreneurship in the Markets of the Digital Economy in Developed Countries | Ibraimova, S.M., Beksultanov, A.A., Shabaltina, L.V., Dugina, T.A. | Springer Climate | 0 | Q4 |
| 20 | Syndrome of megalencephaly, postaxial polydactyly, polymicrogyria, and hydrocephalus: a rare case | Zhihareva, V.V., Abdurasulova, Z.R., Nazhmudinova, D.D. Uzakbayev,C.K., | Voprosy Prakticheskoi Pediatrii | 0 | Q3 |
| 21 | Graph-Guided Neural Network for Tourism Demand Forecasting | Fan, J., Cheng, J., Abduraimovna,S.B., Lu, W., Fan, H. | IEEE Access | 0 | Q1 |
| 22 | Which land cover product provides the most accurate land use land cover map of the Yellow River Basin? | Zhang, W., Tian, J., Zhang, X., Cheng, J., Yan, Y. | Frontiers in Ecology and Evolution | 0 | Q2 |
| 23 | Issues of Interaction Between the Labor Market and the System of Higher Professional Education in Training ESG Specialists for the Regions of Kyrgyzstan | Kulueva, C.R., Tashkulova, G.B., Cholbaeva, S.Z., Orozbekov,M.O. Kulova, E.U., | Environmental Footprints and Eco-Design of Products and Processes | 0 | Q4<br>(Q3) |
